DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Омурканова Ж.Э.*

# АЙМАКТАРДАГЫ КАЛКТЫН ЖАШОО ДЕҢГЭЭЛИН БААЛООНУН УСУЛДУК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА АНЫН ТАЛАС ОБЛУСУНДАГЫ АБАЛЫНЫН МҮНӨЗДӨЛҮШҮ

*Омурканова Ж.Э.*

# МЕТОДИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ОЦЕНКИ УРОВНЯ ЖИЗНИ НАСЕЛЕНИЯ В РЕГИОНАХ И ХАРАКТЕРИСТИКА ЕГО СОСТОЯНИЯ В ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

*Zh.E. Omurkanova*

# METHODICAL QUESTIONS OF AN ESTIMATION OF LEVEL OF LIVING OF POPULATION IN REGIONS AND THE CHARACTERIZATION OF ITS STATE IN TALAS OBLAST

*УДК: 332.145*

*Калктын жашоо деңгээлин баалоонун усулдук маселелери өлкөбүздүн регионалдык шарттарында изилденет. Калктын жашоо деңгээли деген түшүнүктүн маңызын жана аны баалоо усулун изилдөөнүн негизинде аймактардагы калктын жашоо деңгээлинин негизги көрсөткүчтөрү мүнөздөлөт, калктын жашоо деңгээлинин өзгөрүшүнүн өлкөнүн экономикасынын өнүгүш деңгээлинен болгон көз карандылыгынын закон ченемдүүлүктөрү талданат. Калктын аярлуу катмарларынын жашоо деңгээлин мамлекет тарабынан жөнгө салуу маселелери каралат. Талас облусунун статистикалык материалдарынын негизинде калктын жашоо деңгээлин жана жашоо сапатын мүнөздөй турган калктын жан башына эсептелген кирешелери, кызматкерлердин эң төмөнкү айлык акысы, төмөнкү керектөө бюджети, калктын ар түрдүү социалдык катмарларынын жашоо минимумунун көрсөткүчтөрү талданат. Талас облусунун регионалдык шарттарындагы калктын жашоо деңгээлинин төмөн экендигинин себептери аныкталат жана жогорулатуу жолдору аныкталат.*

***Негизги сөздөр:*** *калк, жашоо деңгээли, жашоо сапаты, социалдык стандарттар, эмгек акы, керектөө бюджети, жашоо минимуму.*

*Исследуются методические вопросы оценки уровня жизни населения в региональных условиях нашей страны. На основе изучения сущности понятия уровня жизни населения и методики его оценки, дается характеристика основным показателям уровня жизни населения в регионах, анализируются закономерности изменения уровня жизни населения в зависимости от уровня развития экономики страны. Рассматриваются вопросы государственного регулирования уровня жизни наиболее социально уязвимой части населения. На основе привлечения статистических материалов Таласской области анализируются основные показатели, характеризующие уровень и качество жизни населения, такие как уровень доходов в расчете на душу населения, минимальная заработная плата работников, минимальный потребительский бюджет, прожиточный минимум различных социальных групп населения. В результате исследования выявлены причины низкого уровня жизни населения и определены пути его повышения в региональных условиях Таласской области.*

***Ключевые слова:*** *население, уровень жизни, качество жизни, социальные стандарты, заработная плата, потребительский бюджет, прожиточный минимум.*

*Methodological issues of assessing the standard of living of the population in the regional conditions of our country are Studied. On the basis of study of essence of the concept of the standard of living of the population and methods of its evaluation, describing key indicators of the level of living of the population in the regions analyzed patterns of changes in the level of living of the population depending on the level of economic development of the country. The issues of state regulation of the living standards of the most socially vulnerable part of the population are considered. The main indicators that characterize the level and quality of life of the population, such as the level of income per capita, the minimum wage of employees, the minimum consumer budget, and the subsistence level of various social groups of the population, are analyzed using statistical materials from the Talas region. At the same time. the reasons for the low standard of living of the population and ways to increase it in the regional conditions of the Talas region are identified.*

***Key words****: population, standard of living, quality of life, social standards, wages, consumer budget, living wage.*

Биздин өлкөбүздүн өнүгүшүнүн азыркы мезгилинде калкыбыздын турмуш шарттарын жана жашоо деңгээлин төмөндөтпөй кармап туруу жана аны мындан ары жогорулатуу боюнча тиешелүү иш чараларды иш жүзүнө ашыруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн негизги милдеттеринин бири болуп болуп

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



эсептелет. Талдоолор көрсөткөндөй, өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсү канчалык туруктуу жана анын өсүш темптери канчалык жогорулаган сайын, ошол өлкөдө жашаган калктын жашоо деңгээли ошончолук жогорулашы закон ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Анын себеби, өлкөнүн экономикасынын өсүшү, анда жашаган калктын киреше булактарынын өсүшүнө жана жашоо шарттарынын жакшырышына алып келүү менен, калкыбыздын турмуш шартынын жана жашоо деңгээлинин жогорулашына шарт түзүлөт. Ушуга байланыштуу калктын турмуш шарты, жашоо деңгээли жана жашоо сапаты ар бир өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү болуп калат десек жаңылышпайбыз. Азыркы учурдагы экономикалык жактан өнүккөн Европа жана Азия өлкөлөрүндөгү калктын жашоо деңгээлинин көрсөткүчтөрү буга мисал боло алат. Бирок, рынок экономикасынын шарттарында калктын жашоо деңгээлинин көрсөткүчтөрү жана өсүү факторлору калктын бардык катмарларына бирдей эмес шарттарды түзгөндүгү менен өзгөчөлөнүп турат жана өлкөнүн экономикасы канчалык өнүккөн сайын, өлкөнүн экономикалык кубаттуулугу жогорулаганы менен, өлкөдө кирешеси жогору болгон өтө бай адамдар менен бирге эле өтө жакыр адамдардын катмары да көбөйөт. Ушуга байланыштуу, рынок экономикасынын шарттарында калктын жашоо деңгээлин мамлекет тарабынан жөнгө салып турууучу социалдык механизмдерин туура колдонуу өтө актуалдуу маселелерден экендигин белгилеп кетсек болот. Рынок экономикасынын шарттарында калктын социалдык жактан аярлуу катмарынын жашоо деңгээлинин өтө төмөндөп кетпөөсүн камсыз кылып туруу жана социалдык жактан коргоого алып туруу мамлекетибиздин негизги милдеттеринен болуп саналат. Азыркы мезгилде биздин өлкөбүздүн айылдык аймактарда жашаган калкынын жашоо деңгээли жана жашоо сапаты шаар калкына салыштырмалуу бир топ эле төмөн экендиги белгилүү. Алсак, 2018-жылы Талас облусу боюнча калктын жан башына келүүчү кирешенин наркы 4344,38 сомду түзүп, жалпы республикабыздын көрсөткүчүнөн 18,6 пайызга төмөн болду. Ал эми эмгек акынын өлчөмү да 12173 сомду түзүп, орточо республикалык көрсөткүчтөн 25,4 пайызга төмөн болду[1].

Ушундай шарттарда айылдык аймактардагы калктын жашоо деңгээлин жана алардын аймактын экономикалык өнүгүшү менен болгон өз ара байланышын теориялык жактан изилдөө менен, анын аймактык өзгөчөлүктөрүнүн усулдук маселелерин карап чыгуу актуалдуу маселелерден болуп саналат. Мунун себеби, калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу боюнча кийинки кездерде көп эле экономикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөнү менен, анын аймактык деңгээлдеги абалы жана көрсөткүчтөрү көп эле убакта толугу менен изилденбей келет десек жаңылышпайбыз. Аталган көйгөлөрдүн өтө эле манилүү экендигин жана ушуга байланыштуу 2020-жыл «Аймактарды өнүктүрүү, санариптештирүү жана балдарды коргоо жылы» деп өлкөбүздүн президенти Жээнбеков С.Ш. тарабынан белгиленгени кокусунан эместигин айтууга тийишпиз.

Азыркы учурда калктын жашоо деңгээли деген түшүнүк экономикалык адабияттарда ар кандай мазмунда берилип жаткандыгын белгилеп кетүү керек. Мисалы, кээ бир окумуштуулар жашоо деңгээли деген түшүнүктү калктын жыргалчылыгы менен байланыштырса, кээ бирлери керектөө деңгээли менен бирдей түшүнүктү берет деп айтышууда. Албетте, биздин оюбузча да жашоо деңгээли деген түшүнүк, бул өзүнчө татаал социалдык экономикалык категориялардын комплекси болуп эсептелет. Ал эми жашоо деңгээлинин өлчөмүн калктын физиологиялык, руханий жана социалдык керектөөлөрүнүн өнүгүш деңгээли аркылуу чагылдыруу максатка ылайыктуу десек болот. Ошону менен бирге калктын жашоо деңгээли коомдук керектөөлөрдүн өнүгүшүнүн жана канааттандырылыш деңгээли менен өз ара тыгыз диалектикалык байланышта болот. Башкача айтканда, жашоо деңгээлинин жогорулашы коомдук өндүрүштүн өнүгүш темптеринен көз каранды болуу менен бирге, ошол эле мезгилде жогорку жашоо деңгээлин камсыз кылбай туруп коомдук өндүрүштүн темптерин жогорулатууга мүмкүн эместигинде. Ушуга байланыштуу, жашоо деңгээлин аныктоо жана аны жөнгө салуу механизми коомдогу объективдүү жана субъективдүү факторлордун өз ара аракеттенишинин негизинде калыптанат деп айтсак болот. Бир жагынан алганда, өлкөнүн социалдык экономикалык өнүгүүсү калктын жашоо шарттарын аныктай турган болсо, экинчи жагынан калктын жашоо шарты жана турмушу адамдардын социалдык психологиялык абалына, турмуштук баалуулуктарынын деңгээлинин жогорулатуусуна таасир этүү менен, коомдо жашап жаткан адамдардын өздүк потенциалын ишке ашырууга умтулуусуна шарт түзөт. Ушунун өзү эле, биздин оюбузча коомдук өндүрүштүн өсүш темптеринин жогорулатышынын фактору болуп саналат. Демек, калктын жашоо турмушун мүнөздөө үчүн калктын жашоо турмушу нарктык жана сапаттык жактан каралышы керек жана калктын жашоо деңгээлинин өлчөмү калктын жашоо деңгээлин, шартын жана жыргалчылыгын мүнөздөй турган атайын көрсөткүчтөрдүн комплекси менен

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



талдануусу зарыл. Азыркы учурда калктын жашоо деңгээлин мүнөздөй турган төмөнкү экономикалык категорияларга төмөнкүлөрдү кошууга болот: «калктын кирешелери жана керектөөлөрү», «калктын жашоосунун деңгээли жана сапаты», «жашоо шарты жана жыргалчылыгы». Аталган экономикалык категориялардын бардыгы адамдардын жашоо деңгээли жана анын сапаты менен тыгыз байланышкан.

Азыркы учурда колдонулуп жаткан экономикалык сөздүктөрдө «калктын жашоо деңгээли» төмөндөгүдөй түшүнүк менен чечмеленет: «Калктын бакубаттуулук деңгээли, жыргалчылыктарды жана кызматтарды керектөө, адамдардын негизги турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу чараларын мүнөздөөчү шарттардын жана көрсөткүчтөрдүн жыйындысы», же болбосо калктын жашоо деңгээли, бул коомдо жашаган адамдардын жана анын үй бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугун жана жыргалчылыгын камсыз кыла алган шарттар менен аныкталат [2]. Демек, калктын жашоо деңгээли, ошол өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн учурдагы деңгээлине туура келе турган анын калкынын керектөөсүнүн жана жашоо шартынын жыйындысы болуп эсептелет. Ошондуктан, азыркы учурда жашоо деңгээлинин абалын аныктоодо, жогоруда биз белгилеп кеткендей, калктын жашоо шарттарын жана керектөөлөрүн мүнөздөй турган көрсөткүчтөрдүн комплекси пайдаланылат. Ал көрсөткүчтөргө төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот: бир кызматкерге туура келүүчү бир айлык орточо эмгек акынын өлчөмү, бир айдагы калктын жан башына туура келүүчү акча каражатынын өлчөмү, пенсиянын орточо өлчөмү, бир айдагы жан башына туура келүүчү жашоо минимумунун өлчөмү, жашоо минимумунун өлчөмүнүн бир айлык пенсиянын өлчөмүнө карата катышы.

Ал эми калктын жашоо деңгээлин аныктоодо өлкөбүздүн статистикалык органдары тарабынан калктын жыргалчылыгынын сан жагынан мүнөздөй турган ыкмалар жана аны баалоодо кирешелеринин түрлөрүнө карата ажыратып мүнөздөй турган индикаторлор колдонулат. Ал индикаторлорго төмөнкүлөрдү кошууга болот: Жинанын индекси жана Лоренцтин ийри сызыгы. Жинанын индекси жөнүндө айта турган болсок, бул көрсөткүч калктын социалдык катмарларынын кирешелеринин бөлүштүрүлүшүнүн бир калыпта эместигинин баалоо аркылуу жыйынтык чыгарууга негизделген жана бул көрсөткүчтү аныктоо үчүн калктын акчалай кирешелеринин өлчөмдөрүн аныктоонун негизинде, аларды 20 проценттик өлчөмдөгү тайпаларга бөлүштүрүү менен калктын кирешелеринин ажыратылышынын децилдик коэффициенттерин, кирешелердин концентрацияланышынын коэффициенттерин аныктайт. Кыргыз Республикасынын статистикалык башкармасынын маалыматы боюнча 2017-жылы Жинанын коэффициенти 0,392 түзүп, 2013-жылга салыштырмалуу 0,064 пунктка төмөндөгөн. Аталган коэффициент канчалык төмөн болгон сайын, калктын социалдык катмарларынын ортосундагы кирешелердеги айырмачылык аз болуп, калктын жашоо деңгээли жогору дегенди билдирет [3].

Ошол эле учурда калктын жашоо деңгээлинин өлчөмүн түздөн түз мүнөздөй турган көрсөткүч болуп калктын жашоо минимумунун нарктык өлчөмү болуп эсептелет. Калктын жашоо минимумунун нарктык өлчөмү азыркы учурда Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-майындагы №170 «Кепилденген мамлекеттик минималдык социалдык стандарттар жөнүндө» мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 6-ноябрындагы №694 «Калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимумунун (ПМ) түзүмүн бекитүү жөнүндө» деген токтомунун негизинде эсептелип чыгарылат. Ал эми калктын жашоо минимуму калктын ар бир социалдык демографиялык топторуна карата иштелип чыгылып, анын түзүмүндө азык түлүк товарлары 65%, өнөр жай товарлары 16%, кызмат көрсөтүү 17%, ал эми салыктар 2% түзөт. Талдоолор көрсөткөндөй, 2019-жылы калктын жашоо минимунун нарктык өлчөмү Талас облусу боюнча 4310,09 сомду түзгөн, анын ичинен эмгекке жарамдуу адам башына 4826,25 сом, пенсия курагындагыларга 3855,23 сом, ал эми жашы жете элек балдарга 3648,89 сомду түзгөн. Аталган көрсөткүч 2019-жылы өлкөбүздүн деңгээлинде 4806,32 сомду түзгөн, же болбосо республикабыздын көрсөткүчүнө караганда облустун көрсөткүчү 10,3 пайызга төмөн болгон [4].

Азыркы учурда керектөө бюджетинин эң төмөнкү өлчөмү мамлекет тарабынан аныкталат жана тиешелүү мыйзамдар менен бекитилет. Керектөө бюджетинин эң төмөнкү өлчөмү эмгекке жарамдуу кызматкерлердин мамлекет тарабынан аныкталуучу эң төмөнкү эмгек акынын өлчөмү менен аныкталат. 2019-жылы өлкөбүздөгү эң төмөнкү эмгек акынын өлчөмү 1750 сомду түзсө, ал эми Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган 2019-жылдын 23-декабрындагы №143 «Кыргыз Республикасынын бюджети жана анын 2021-2022 жылдарга карата болжолдору жөнүндөгү» мыйзамына ылайык 2020-жылга1854 сомго белгиленген [5]. Ал эми эмгек-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ке жарамдуу адамдарга жумушсуз калганда берилүүчү жөлөк пулдардын, кары картаӊдарга, пенсия курагындагы жана майып адамдарга, көп балалуу жана жалгыз бой энелерге берилүүчү эмгек жана социалдык жөлөк пулдардын, окуп жаткан студенттерге берилүүчү стипендиялардын минималдык өлчөмдөрү да мамлекет тарабынан аныкталып, мыйзам тарабынан бекитилип берилүүгө тийиш. Демек, мамлекет тарабынан аныкталуучу керектөө бюджетинин эӊ төмөнкү өлчөмдөрү мамлекеттин социалдык саясатынын негизги өзөгүн түзүү менен алар аркылуу өлкөнүн калыӊ катмарынына берилүүчү социалдык кепилдиктердин өлчөмү ушул көрсөткүчтөргө карата аныкталат. Жогорудагы айтылган көрсөткүчтөрдүн көпчүлүгү негизинен калктын жашоо деӊгээлин өлкөнүн масштабында мүнөздөө үчүн колдонулат.

Ал эми калктын жашоо денгээлин аймактык деӊгээлде мүнөздөө үчүн жогорудагы белгиленген көрсөткүчтөрдүн кандайдыр бир бөлүгүн колдонууга туура келет экен. Мунун себеби, биз аймак боюнча калктын жашоо денгээлин аныктоодо улуттук кирешенин, улуттук байлыктын жана керектөө фондунун өлчөмү аныкталбагандыктан, бул көрсөткүчтөрдү эсептөөгө да болбойт. Бирок, аймактык деӊгээлде ички дүӊ продукциянын жан башына туура келүүчү өлчөмүн аныктоо аркылуу өлкөбүздүн облустарын өз ара салыштыруу аркылуу ошол аймактагы калктын жашоо деӊгээлинин көрсөткүчтөрүн салыштырууга мүмкүндүк берет. Ал эми райондордун деӊгээлинде калктын жашоо деӊгээлинин көрсөткүчтөрүн аныктоодо ар бир айыл өкмөтүнүн деӊгээлинде калктын жашоо деӊгээлинин көрсөткүчтөрүн аныктап алуу менен, андан кийин ошол көрсөткүчтөрдү жалпы район боюнча жалпылоо аркылуу аныктоо туура болот деп эсептейбиз. Ушуга байланыштуу, биз калктын жашоо денгээлинин аймактын айыл өкмөттөрү боюнча аныкталган көрсөткүчтөрүнүн комплексин аныктап алууга тийишпиз. Биздин оюбузча айыл өкмөттөрүнүн деӊгээлинде калктын жашоо деӊгээлин аныктай ала турган көрсөткүчтөргө төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: айылдык аймактын калкынын жан башына туура келүүчү кирешелеринин топтому, айылдык аймактын калкынын иштеген адамдарынын жан башына туура келүүчү айлык эмгек акысынын өлчөмү, айылдык калктын жан башына туура келүүчү бир айдагы жашоо минимумунун наркы, пенсия курагындагы адамдардын пенсияларынын орточо өлчөмү. Мындан тышкары, айылдык калктын турак жай менен болгон камсыздыгы(бир адамга туура келүүчү турак жайдын жалпы аянты жана жашоо аянты), калктын керектөө чыгымдарындагы турак жай үчүн болгон төлөмдөрдүн үлүшү, айылдык калктын коммуналдык жана турмуш тиричилик жактан тейлөөлөрдүн деӊгээли.

Албетте, жогорудагы көрсөткүчтөрдү айыл аймагы боюнча топтоо бир топ кошумча каржылоону талап кылары белгилүү. Мунун себеби, айылдык аймактагы бизнес тармактары көбүнчө жеке ишкерлерге жана жеке юридикалык жактарга тиешелүү болгондуктан, алардан маалымат чогултуу бир топ эле кыйынчылыктарды туудурат. Бирок, ошондой болсо да, бизнес түзүмдөр менен келишимдин негизинде бир жылда бир жолу топтолуп алына турган атайын социологиялык изилдөөлөрдүн формасын толтуру аркылуу жетишсе болот деп ойлойбуз. Анткени, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары айылдык аймактагы бирден бир мамлекеттик башкаруу органдары болгондуктан, жергиликтүү кеӊештин депутаттарынын чыгарган чечими аркылуу менчиктин түрүнө карабастан, бардык ишкана мекемелерге тиешелүү маалыматтарды алып турууга мүмкүн деп айтсак болот. Мындан тышкары, азыркы учурда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу түзүмдөрү тарабынан айылдык аймактардын жакынкы 5 жылга карата социалдык экономикалык өнүгүшүнүн болжолдуу пландарын иштеп чыгуу чоӊ мааниге ээ болот жана аны иштеп чыгууда калктын жашоо деӊгээлинин жогорудагы көрсөткүчтөрүн толугу менен колдонуу керек деп сунуштайт элек.

Жогорудагы аталган көрсөткүчтөр аркылуу биз ар бир айылдык өкмөттүн аймагында жашаган калктын жашоо деӊгээлин салыштырып, ошол айылдык өкмөттүн анда жашаган калктын муктаждыктарын кандай чечип жаткандыгын, айылдык калктын жашоо деӊгээлин жогорулатуу боюнча кандай иш чараларды көрүп жаткандыгын талдап көрүүго мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**


1. Статистикалык бюллетень: Кыргыз Республикасы жана региондору, 4 кв. 2019-ж. // Басылмалар, 2020, 104 бет// www.stat.kg//;
2. https://gufo.me/dict/economics_dict.
3. Статистикалык жыйнак: Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деӊгээли. - 2017- 2018-жж., 2019. - 19-бет.
4. 2020-жылдын 15-январына карата экспресс маалымат. // Басылмалар, 2020-ж.//www.stat.kg//.
5. https://base.spinform.ru/show_doc.fwx?rgn=123745.